**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

**Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун Окумуштуулар**
**Кеңешинде талкууланды**
**№1 протокол.**
**"27" август 2021-жыл.**

**«БЕКИТЕМИН»**
**ЖАМУнун ректору, профессор**
**_______ Усенов К.Ж**
**_______ 2021-жыл.**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

багыты:

**550300 Филологиялык билим берүү**

даярдоо профили:

**кыргыз тили жана адабияты**

академиялык даражасы:

**магистр**

окутуу формасы:

**күндүзгү**

**Жалал-Абад-2021**

Негизги билим берүү программасы (НББП) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жогорку кесиптик билим берүүнүн 550300 филологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык түзүлдү.

НББП кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2021-жылдын 26-август айынын жыйынында каралды жана №1 протокол менен бекитилди.

**Иштеп чыккандар:**

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы Кадырова А.

Филология факультетинин деканынын м.а.: Калмурзаева А.А.

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын ага окутуучусу: Келдибаева Р.Т.

**Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү:**

Жалал-Абад шаарындагы №4 орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы, кыргыз тили жана адабияты мугалими ________________ Мамытова Г.Д

Жалал-Абад шаарындагы Н.Закиров атындагы №2 орто мектептин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими ________________ Мараимова Н.М

**НББПнын эксперттери:**

К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУнун доценти, ф.и.к. ________________ Жолдошбаев А.С.

К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУнун доценти, ф.и.к. ________________ Турдубаева А.М.

Жалал-Абад областынын Сузак районундагы №18 А.Караев атындагы орто мектептин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими ________________ Баймуратова Г.Ш.

**Бүтүрүүчүлөр:**

Кыргыз тили жана адабияты адистигинин 2004-жылдагы бүтүрүүчүсү, Жалал-Абад шаарындагы "Нур билим ордосу" мектеп-гимназиясынын мугалими ________________ Тойчиев М.А.

Кыргыз тили жана адабияты адистигинин 2010-жылдагы бүтүрүүчүсү, Жалал-Абад шаарындагы М.Бабкин атындагы №1 мектеп-гимназиясынын мугалими ________________ Абдылдаева Р.М.

Кыргыз тили жана адабияты адистигинин 2010-жылдагы бүтүрүүчүсү, Жалал-Абад шаарындагы Зуура Нурматова атындагы кыздар түрк лицейинин кыргыз тили жана адабияты мугалими ________________ Арзиева С.Ж.

**МАЗМУНУ**

**1. Жалпы жобо . . . . ……………………………………………………………………...... 4**

1.1. Негизги билим берүү программасы (аныктама)…..........……………..…….…....... 4

1.2. НББПны иштеп чыгуунун нормативдик документтери ………………..……...........4-5

1.3. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар……..………………..…..............5-6

**2. НББПнын колдонулуу чөйрөсү ……………………………..……....……. 6**

**3. ЖКББ НББПнын жалпы мүнөздөмөсү ………………………………...…............7**

Магистрди даярдоодо НББПнын максаты (миссиясы) ………….……………..…..................7

ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо багытында даярдоонун максаты ...............................................................................................................................7-8

Бүтүрүүчүнүн НББПдагы кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү……… .........................…9

**4. НББПны ишке киргизүүнүн шарттарына коюлган талаптар .** .............................................**9**

4.1. НББПны ишке ашырууда ЖАМУнун укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар ...........................................................................................................................9

**5. Магистрлерди даярдоодо НББПнын структурасына коюлган талаптар …… ..... …..10**

5.1. Магистрлерди даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар

5.2. Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрлерди даярдоонун НББП структурасына талаптар..................................................13

5.3.Магистрлерди даярдоонун НББПсын ишке ашыруунун шарттарына талаптар …..…… 13

**6. НББПны ишке киргизүүдө билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер**.....................……………………………….…...15

**7. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар ...............................16**

**8. Тиркемелер. ……………………………………………………..……… ….... 18**

## Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы

Багыты: **550300 Филологиялык билим берүү**
Профили: **кыргыз тили жана адабияты**
Академиялык даражасы: **магистр**

### 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Негизги билим берүү программасы (аныктама)

Б.Осмонов атындагы ЖАМУда **550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрлерди даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы билим берүү чөйрөсүндө аймактын эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарына жана башка нормативдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде даярдоонун аталган багыты боюнча иштелип чыгып, бекитилген окуу-усулдук документтерди өзүнө камтыйт.

Аталган негизги билим берүү программасы максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессинин мазмунун, шартын жана колдонуунун технологияларын, аталган багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: а) окуу планы; б) жумушчу окуу планы; в) НББПдагы компетенциялар картасын, г) окуу планындагы базалык дисциплиналардын программаларынын аннотацияларын; д) окуу планындагы ЖОЖдук компоненттердеги дисциплиналардын жана элективдик курстардын программаларынын аннотацияларын; е) педагогикалык практикалардын программаларынын аннотациясын; ж) бүтүрүүчү мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды.

**1.2. НББПны иштеп чыгууга негиз болгон нормативдик документтер**

Магистрдин НББПсын иштеп чыгуунун нормативдик базасы төмөнкүлөрдөн турат:

- Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы (КР мыйзамдарынын редакциясында 28-дек. 2006-ж. №225, 31- июль 2007-ж. №111, №115; 20-январь 2009-ж. №10, 17-июнь 2009-ж. №185, 15-янв. 2010-ж. №2, 13-июнь 2011-ж. №42, 8-август 2011-ж., №150, 29-дек., 2011-ж. №255, 23- август 2011-ж. №496, 29-май 2012-ж. №347, 30-июль 2013-ж. №176).
- КР Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-ж. №53 токтому менен бекитилген КРда жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары жөнүндөгү Жобосу;
- 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, академиялык даражасы: магистр;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагы боюнча нормативдик укуктук актылары;
- ЖАМУнун Уставы;
- ЖАМУнун «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Дисциплиналардын жумушчу программаларынын жана силлабустарынын мазмуну жана түзүлүшү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Окуу-усулдук комплекс (УМК) жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Педагогикалык практиканы өткөрүү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү” Жобосу;

- ЖАМУнун “Студенттерди учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестациясы жөнүндөгү” Жобосу.
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин магистратурасы жөнүндө жобо
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бюллетени. Магистрдик диссертация боюнча жобо

### 1.3. ТЕРМИНДЕР, АНЫКТАМАЛАР, БЕЛГИЛЕР, КЫСКАРТУУЛАР.

**1.3.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн бул негизги билим берүү программасында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсү үчүн Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **негизги билим берүү программасы** – даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашырууну уюштуруунун максатын, мазмунун, күтүлгүчү натыйжаларды көрсөтүүчү окуу-усулдук документациялардын жыйындысы;
- **даярдоонун багыты** – түрдүү профилдеги жогорку кесиптик билими бар (адис, бакалавр, магистр) адистерди даярдоочу билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль** – кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси жана (же) НББПнын конкреттүү көрүнүшкө багытталышы;
- **дисциплиналардын агымы** – окутуунун,тарбиялоонун максаттарына жана натыйжаларына ылайыкташкан,логикалык аныкжыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналарынын шайкештиги;
- **компетенттүүлүк** – тийиштүү багытта кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө зарыл болгон жеке сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн жыйындысы;
- **модуль** – окутуунун натыйжаларына жана максатына, тарбиялоого ылайыкташкан, логикалык анык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенция –** тиешелүү тармак боюнча кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө зарыл болгон жеке сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн динамикалык комбинациясы;
- **бакалавр** – жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөн, нормативдүү окуу мөөнөтү 4 жылдан кем болбогон тараптарга ыйгарылуучу академиялык даража. Ал белгилүү кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө жана тийиштүү багыт боюнча «магистр» даражасын алуу үчүн билимин улантууга укук берет;
- **магистр –** тиешелүү багыт боюнча бакалавр академиялык даражасына ээ болгон жана жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын окутуунун 2 жылдан кем эмес нормативдик мөөнөтүндө ийгиликтүү өздөштүргөн тарапка аттестациянын жыйынтыгы боюнча ыйгарылуучу академиялык даража жана ал тиешелүү кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө же аспирантурага окуусун улантууга укук берет;
- **кредит (зачеттук бирдик)** – ЖОЖдо толук академиялык билим берүүнү аяктоо үчүн ар бир курстагы иштин жалпы көлөмүн, керектүү иштердин өлчөмүн чагылдыруучу, жана аны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон студенттин жүктөмүн аныктоочу дисциплинанын бирдиги менен ылайыкташкан сандык көрсөткүч. Керектүү иштерди аткарып, окутуунун жетишилген натыйжасына ылайыктуу бааларды алгандан кийин гана ECTSтин кредитине ээ болушу мүмкүн;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасын окутуунун натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар.
- **компетенциялар матрицасы –** билим берүү программалары билим берүү программаларынын мазмундарынын ортосундагы структуралык-логикалык байланыштарды жана пландаштырылган компетенттүү билим берүүнүн натыйжаларын чагылдырууну өзүнө камтыйт.

**1.3.2.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасында төмөнкүдөй кыскартуулар кездешет:
**МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** – негизги билим берүү программасы;
**ОУБ** – окуу-усулдук бирикме;
**НББП ДЦ** – негизги билим берүү программасынын дисциплиналар циклы;
**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** - инструменталдык компетенциялар;
**СИЖМК** - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар;
**КК** – кесиптик компетенциялар

## 2. НББПнын КОЛДОНУЛУУ ЧӨЙРӨСҮ

**2.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасына азыркы Убактылуу мамлекеттик талаптар (мындан кийин ЖКББ НББП УМТ) өз алдына 550300 "Филиологиялык билим берүү" багыты боюнча магистрди даярдоонун НББПсын ишке ашырууда окуу жана уюштуруучулук-усулдук иш кагаздарын даярдоодо негиз болуучу нормалардын, эрежелердин жана талаптардын айкалышын, Кыргыз Республикасынын аймагындагы лицензиясы же мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн бардык жогорку кесиптик билим берүүчү бардык билим берүү мекемелеринин (мындан кийин - ЖОЖдор), алардын уюштуруучулук-укуктук формаларынын өзгөчөлүгүнө карабастан, негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүсүнүн сапаттык баасын аныктайт.

**2.2.** Мамлекеттик ЖКББнын негизги колдонуучулары НББПны колдонуучулар: 550300 "Филологиялык билим берүү" багыты боюнча азыркы ЖКББ НББП УМТынын негизги колдонуучулары:
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун жетекчилиги, илимий-педагогикалык **(**профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер) курам жана аталган багыт боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин жана даярдоонун деңгээлин эсепке алуу менен НББПны жаңылап жана эффективдүү ишке ашыруу үчүн иштеп чыккан жогорку окуу жайдагы жооптуулар;
- даярдоонун аталган багыты боюнча ЖОЖдун негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн эффективдүү жүргүзгөн жоопкерчиликтүү студенттер;
- кесиптик билим берүү чөйрөсүнө тиешелүү иш берүүчүлөр менен адистердин бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органдарынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларынын иштелмесин камсыз кылган окуу-усулдук бирикмелер жана кенештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү финансылоону камсыздоочу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- жогорку кесиптик билим берүү тармагынын билим сапатын көзөмөлдөөчү жана аккредитациялоону ишке ашыруучу, жогорку билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыздоочу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.

**2.3.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн базасында магистрдин НББПсын өздөштүрүүгө зарыл болгон даярдоо деңгээлине коюлган талаптар

**2.3.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн «магистр» академиялык даражасын алууга умтулган талапкердин багыты дал келген "бакалавр" академиялык даражасы ыйгарылган жогорку кесиптик билими же жакын адистиктеги "адис" квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билим деңгээли;

**2.3.2.** Талапкердин багыты дал келген “бакалавр” академиялык даражасы ыйгарылган жогорку кесиптик билими же жакын адистиктеги “адис” квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документи.

1. өзбек

**3. МАГИСТРДИ ДАЯРДООНУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ**

**3.1.** 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча даярдоо төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

- бакалавларды даярдоонун ЖКББ НББПсы;
- магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББПсы;

Бакалавларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын толук өздөштүргөн жана коюлган тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү тапшырган жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө жогорку окуу жайды бүткөндүгү жөнүндө “бакалавр” академиялык деңгээли ыйгарылып диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын толук өздөштүргөн жана коюлган тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү тапшырган жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө жогорку окуу жайды бүткөндүгү жөнүндө “магистр” академиялык деңгээли ыйгарылып диплом берилет.

**3.2.** Жалпы орто же орто кесиптик билим берүүнүн базасы менен 550300 филологиялык билим берүү багытынын бакалавларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын толук өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү окутуунун күндүзгү формасы боюнча 4 жылдан кем эмес.

Филологиялык билим берүү багытынын магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын толук өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү окутуунун күндүзгү формасы боюнча 6 жылдан кем эмес. “Бакалавр” академиялык деңгээли ыйгарылып бекитилген жогорку кесиптик билимдин базасы менен 2 жылдан кем эмес.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуунун формасы боюнча бакалавларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн мөөнөтү дистанттык билим берүү технологияларын пайдалануу менен окутуунун ар түрдүү формаларын айкаштыруу аркылуу жогорку окуу жай тарабынан окутуунун күндүзгү формасы менен өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтүнөн 1 жылга узартылат.

“Бакалавр” академиялык деңгээли ыйгарылып бекитилген жогорку кесиптик билимдин базасы менен күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуунун формасы боюнча магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн мөөнөтү дистанттык билим берүү технологияларын пайдалануу менен окутуунун ар түрдүү формаларын айкаштыруу аркылуу жогорку окуу жай тарабынан окутуунун күндүзгү формасы менен өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтүнөн жарым жылга узартылат.

**3.3.** Жалпы орто же орто кесиптик билим берүүнүн базасы менен магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн мөөнөтү окутуунун күндүзгү бөлүмүндө 360 зачеттук бирдиктен (кредиттен) кем эмес жана “бакалавр” академиялык деңгээли ыйгарылып бекитилген жогорку кесиптик билимдин базасы менен 120 кредиттен (зачеттук бирдиктен) кем эмес.

ЖКББ НББП күндүзгү окуу формасы үчүн көлөмү 60 зачеттук бирдикке (кредитке) барабар.

Бир окуу семестринин көлөмү 30 зачеттук бирдикке (кредитке) барабар (окуу процесси эки семестрден турган учурда).

Бир зачеттук бирдик (кредит) студенттин 30 саат окуу жумушуна (аудиториялык, өз алдынча иштөө жана аттестациялоонун бардык түрүн кошкондо) барабар.

Окуу жылы үчүн ЖКББ НББПнын көлөмү окутуунун түрдүү формаларын айкалыштырганда жана дистанттык билим берүү технологияларын пайдаланганда 48 кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

**3.4. 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо багытында даярдоонун максаты**

**3.4.1**. Окутуу багытында 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча ЖКББ НББПнын максаты: тез өзгөрүлмөлүү дүйнөнүн шарттарында үзгүлтүксүз компетенттүү-багыттоочу билим берүүнүн кесиптик маселелерин чечүүгө жөндөмдүү педагогду даярдоо.
**3.4.2.** Тарбиялоо багытында 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча ЖКББ НББПнын максаты: максатка умтулгандык, уюштуруучулук, жоопкерчиликтүүлүк, атуулдук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук жана алардын жалпы маданиятын өстүрүү, үзгүлтүксүз билим алуу чөйрөсүндө кесиби боюнча өзүн жана өз билимин өстүрүүгө багытталган социалдык-личносттук сапаттарын калыптандырууну максат кылат.

**3.5. Бүтүрүүчүнүн НББПдагы кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрди даярдоонун кесиптик ишмердүүлүгүнүн багытттары – педагогикалык ишмердүүлүк, социалдык-маданий чөйрө жана илимий ишмердүүлүк.

**3.6.** 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистратуранын НББПсынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн обьектисине кирет: билим берүү процесси, билим берүү чөйрөсү, студенттердин илимий-изилдөөчүлүк жана педагогикалык ишмердүүлүгү.

**3.7.** 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрди даярдоонун кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү: педагогикалык, илимий-изилдөөчүлүк, башкаруучулук, долбоорлоочулук.

Бүтүрүүчүлөрдү даярдап жаткан кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрү кызыкдар болгон иш берүүчүлөр менен ЖОЖ тарабынан чогуу аныкталат.

**3.8.** 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрдин кесиптик ишмердүүлүгүндөгү милдеттер:

***Педагогикалык ишмердүүлүк багытында:***

- жалпы билим берүү мекемелеринин окутуудагы жетишкендиктерин, мүмкүнчүлүктөрүн жана керектөөсүн билүү жана алынган жыйынтыктардын негизинде аларды окутуунун, тарбиялоонун жана өстүрүүнүн жекече маршруттарын долбоорлоо;
- жамаат, ата-энелер менен карым-катнаш уюштуруу, социалдык партнерлор менен карым-катнашуу, анын ичине өзгөчө, жаңы социалдык партнерлорду издөө, окуучулар менен социалдык партнерлордун өз ара карым-катнашын киргизүү;
- билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн билим берүү чөйрөсүнүн бар мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу, жаңы шарттарды (анын ичинде, маалыматтык) долбоорлоо;
- кесиптик өз билимин өстүрүү жана личносттук көнүгүүнү жаратуу, алдыдагы билим берүүнүн маршрутун жана кесиптик карьерасын долборлоо.

***Илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк багытында:***

- конкреттүү илимий-изилдөөчүлүк маселелерди чечүүдө изилдөөчүлук методдордун топтомун колдонуу жолу менен билим берүү чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдөө, системалаштыруу жана толуктоо;
- илимдин жаңы методдорун пайдалануу менен билим берүү чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдү долбоорлоо жана уюштуруу;
- маалыматтык жана инновациялык технологияларды пайдалануу менен билим берүү чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын баалоо;
- кесиптик жана личносттук билимин өстүрүү, алдыдагы билим берүүнүн маршрутун жана кесиптик карьерасын долборлоо.

***Башкаруучулук ишмердүүлүк багытында:***

- башкаруу системасынын абалын жана деңгээлин билүү жана анын стратегиялык жана оперативдик анализинин методдорунун топтомдорун пайдалануу жолдорунун тар жана кең чөйрөсү; изилдөө, долбоорлоо, уюштуруу жана башкаруу системасынын өнүгүшүнүн жалпы

жана спецификалык мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык менеджменттин инновациялык технологияларды пайдалануу менен башкаруу иш-аракеттеринин ишке ашышына баа берүү;
- жамаат, социалдык партнерлор менен карым-катнаш уюштуруу, актуалдуу башкаруу маселелерин чечүүдө өзгөчө, жаңы социалдык партнерлорду издөө;
- билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана толуктоо үчүн билим берүү чөйрөсүнүн бар мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу, жаңы шарттарды (анын ичинде, маалыматтык) долбоорлоо;

***Долбоорлоочулук багытында:***
- билим берүүнүн сапатын камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү долбоорлоо;
- билим берүү программаларын жана жекече билим берүү маршруттарын долбоорлоо;
- окуучулардын профилдик жана профилге чейинки даярдануусу үчүн жаңы дисциплиналар жана элективдик курстар, текшерүүнүн формалары жана методдору жана текшерүү-ченөө материалдарынын ар түрдүү түрлөрү, анын ичинен маалыматтык технологиялар менен камсыздоону долбоорлоо;

## 4. НББПны ишке ашыруу шарттарына жалпы талаптар

### 4.1. НББПны ишке ашырууда жогорку окуу жайдын укуктары жана милдеттерине жалпы талаптар

**4.1.1.** Жогорку окуу жай магистрлерди даярдоонун багыттары боюнча өз алдынча НББПны иштеп чыгат. Кыргыз Республикасындагы даярдоо багыттары боюнча эмгек рыногунун суроо-талаптарын эске алуу менен УМТнын негизинде НББП иштелип чыгат.

Жогорку окуу жайдагы билим берүүнүн сапатынын гаранттуулугун камсыздоо боюнча сунуштарды, илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен ар жылы НББП төмөндөгүдөй жаңыланат:
- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегияларды иштеп чыгууда;
- билим берүү программаларын этаптуу рецензиялоо мониторингинде;
- студенттердин билимдеринин, билгичтиктеринин деңгээлин баалоонун обьективдүү чараларын жана так, макулдашылган критерийлердин негизинде бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын иштеп чыгууда;
- окутуучулук курамдын компетенттүүлүгүн жана сапатын камсыздоодо;
- бардык билим берүү программаларын ишке ашыруунун жетишерлик ресурстары менен камсыздоодо, аларды пайдалануунун эффективдүүлүгүн (студенттерден сурамжылоо жолдору аркылуу да) текшерүүдө;
- өз ишмердүүлүгүнө баа берүү үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү текшерүүнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө, башка билим берүү мекемелери менен салыштырууда;
- өз ишмердүүлүгүнүн натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымат берүүдө.

**4.1.2.** Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын сапатын баалоодо аларга агымдагы, аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялар киргизилиши керек. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоо үчүн алардан персоналдык жетишкендиктерин этаптуу жана акыркы ылайык келген НББПнын талаптарына ылайык келген типтүү тапшырмалар, текшерүү иштери, тесттер ж.б. калыптандырылган компетенциялардын деңгээлин, билимин жана билгичтиктерин баалоочу баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт. Баалоо каражаттарынын фонду жогорку окуу жай тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйыктыктоочу квалификациялык иштердин мазмуну, көлөмү жана түзүлүшүнө болгон талаптар жогорку окуу жайларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялары жөнүндөгү жобого ылайык жогорку окуу жай тарабынан аныкталат.

**4.1.3.** НББПны иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-личносттук компетенцияларын калыптандырууда жогорку окуу жайдын мүмкүнчүлүгү аныкталышы керек (мисалы,

ыраattуу ишмердүүлүк мүнөзүндөгү социалдык өз ара аракеттенишүүнүн, өз алдынча уюштуруунун, өз алдынча башкаруунун компетенциялары). Жогорку окуу жай инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө, социомаданий чөйрөнү жаратууга милдеттүү. Жогорку окуу жай окуу процессинин социалдык тарбиялык өнүгүүсүн, анын ичинде студенттик өз алдынча башкаруучулук, студенттердин коомдук уюмдарга, спорттук жана чыгармачылык ийримдерге, илимий студенттик коомго катышуусун ишке ашырууга милдеттүү.

**4.1.4.** Жогорку окуу жайдын НББПсы дисциплиналар агымынын ар бир вариативдик бөлүктүн үчтөн биринен аз эмес көлөмүн студенттердин тандоо курсу боюнча дисциплиналары камтышы керек. Студенттердин тандоо курсу боюнча дисциплиналарын уюштуруунун тартиби жогорку окуу жайдын окумуштуулар кеңеши тарбынан көрсөтүлөт.

**4.1.5.** Жогорку окуу жай студенттин өзү окуган программасын түзүүгө катышууга реалдуу мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.

**4.1.6.** Жогорку окуу жай НББПны түзүүдө студенттердин укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга милдеттүү, тандалган предметтер студенттер үчүн милдеттүү окутула турган дисциплиналар экендигин түшүндүрүү керек, ал эми алардын бардык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керек.

**4.2.** НББПны ишке ашырууда студенттердин укуктарына жана милдеттерине жалпы талаптар.

**4.2.1.** НББПда каралгандай студенттер тандоо курстары боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүдө көрсөтүлгөн конкреттүү дисциплиналарды окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде тандоого укугу бар.

**4.2.2.** Студент өзүнүн билим берүү багытын түзүүдө жогорку окуу жайдагы дисциплиналарды тандоо боюнча жана анын даярдоонун келечектеги профилине (адистешине) кандай таасири бар экендиги боюнча кеңеш алууга укуктуу.

**4.2.3.** НББПны өздөштүрүүнүн жыйынтыгына жетүү максатында СИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкаруучулукту өнүктүрүүгө, коомдук уюмдарда иштөөгө, спорттук жана чыгармачылык ийримдерге, илимий студенттик коомго катышууга милдеттүү.

**4.2.4.** Студенттер жогорку окуу жайдын НББПсында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

**4.3.** Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү жумасына 45 саат, анын ичине аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрүн кошкондо.

Окутуунун күндүзгү формасындагы аудиториялык сабактардын жумалык көлөмүн ЖКББнын деңгээлин эске алуу менен УМТ ар бир окуу дисциплиналарын окуп-үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 50% ынын чегинде даярдоонун багытынын мүнөздүүлүгүн аныктайт.

**4.4.** Окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем эмес болушу керек.

**4.5.** Окутуунун сырттан окуу формасында студент бир жыл ичинде 160 сааттан кем эмес көлөмдө окутуучунун сабактарына катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоосу керек.

**4.6.** Бир окуу жылында каникул убактысынын жалпы көлөмү 7-10 жума, анын ичине кышкы мезгилге 2 жумадан кем эмес жана 4 жума дипломдон кийинки өргүү кирет.

## 5.Магистрлерди даярдоонун НББПсына талаптар

### 5.1. Магистрлерди даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча “магистр” академиялык деңгээли ыйгарылган бүтүрүүчү ЖКББ НББП УМТнын 3.4.жана 3.8. пункуттарында көрсөтүлгөн негизги билим берүү программасынын максатына

жана кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болуусу керек:

***А) УНИВЕРСАЛДЫК:***

***- жалпы илимий (ЖИК):***

- өздөштүрүлгөн теорияларды жана концепцияларды топтоого жана бириктирүүгө, дисциплинар аралык мамилени пайдаланууга, кесиптик маселелерди чечүүдө аларды колдонуунун чегин аныктоого жөндөмдүү (ЖИК-1);
- өз алдынча жана жеке демилгеси менен жаңы билим жана билгичтиктерге ээ болуу (ЖИК-2);
- өз алдынча же топтун курамы менен изилдөөнүн заманбап методдорун жана техникаларын пайдалануу менен илимий изилдөө жүргүзгөнгө жөндөмдүү (ЖИК-3);
- кесиптик чөйрөдө илимдеги, техникадагы жана технологиялардагы маданий, социалдык-экономикалык көрүнүштөрдү эске алуу менен жаңы идеяларды табуу жана өстүрүүгө жөндөмдүү (ЖИК-4);
- өз кесиптик чөйрөсүндө ишмердүүлүгүн эксперттик баалоого жөндөмдүү (ЖИК-5).

***- инструменталдык (ИК):***

- мамлекеттик же расмий тилде илимий изилдөөлөрдү берүү үчүн жазуу жана оозеки кепте өнүккөн көндүмдөргө ээ (ИК-1);
- кептешүүнүн бардык чөйрөлөрүндө (анын ичинде маданият аралык жана дисциплиналар аралык) коммуникативдик маселелерди коюуга жана чечүүгө, ар түрдүү коммуникативдик чөйрөлөрдө маалымат алмашуу иш-аракеттерин башкарууга жөндөмдүү (ИК-2);
- чоң көлөмдөгү маалыматтуу иштин көндүмдөрүнө ээ, заманбап маалыматтык жана инновациялык технологияларды, кесиптик ишмердүүлүгүндө адистешкен программалык жабдылыштарды колдонууга жөндөмдүү (ИК-3);
- уюштуруу-башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жана анын жыйынтыктарын баалоого, кайсы бир чөйрөдө тобокелдик менен комплекстүү ишмердүүлүктүн планын иштеп чыгууга даяр (ИК-4).

***- социалдык-личносттук жана жалпы-маданий (СЛЖМК)***

- кесиптик жана социалдык ишмердүүлүктөгү маселелерди чечүү үчүн социалдык жана мультимаданий айырмачылыктарды пайдалануу (СЛЖМК-1);
- жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө багытталган демилгелерди көтөрүүгө жана өнүктүрүүгө, социалдык акыйкаттуулукту камсыздоого, дүйнө таануучулук, социалдык жана личносттук маанилүү маселелерге уруксат берүүгө жөндөмдүү (СЛЖМК-2);
- дени сак жашоо образынын нормаларына, айлана-чөйрөнү коргоого жана туруктуу өнүгүү үчүн ресурстардын үнөмдүү пайдаланууга жөндөмдүү (СЛЖМК-3).

**Б) КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР (КК):**

***педагогикалык ишмердүүлүк багытында:***

- билим берүү чөйрөсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн билүүгө даяр жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн жаңы шарттарды (анын ичинде маалыматтык) долбоорлоодо идеяларды, инновацияларды сунуштайт (КК-1);
- ар түрдүү билим берүү мекемелеринин түрдүү билим берүү тепкичтеринде билим берүү процессин уюштурууда жана аны ишке ашырууда заманбап методикаларды жана технологияларды колдонууга жөндөмдүү (КК-2);
- жогорку окуу жайда профилдик дисциплиналар боюнча окутууга даяр (КК -3);
- билим менен татаал практиканы айкалыштырууга, билим берүү мекемелеринин окуучуларынын (орто жана жогорку мектептердин) курактык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен методиканы жана методдорду ылайыкташтырууга жана аларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жекече маршруттарын долбоорлоого жөндөмдүү (КК-4);
- студенттердин изилдөө иштерин жетектөөгө жөндөмдүү (КК-5);

- кесиптик жана инсандык өз алдынча билим алууну жүргүзүүгө, келечектеги билим берүү маршрутун жана кесиптик карьерасын долбоорлоого жөндөмдүү (КК-6);
- муун, маданият, орун-жайына карабастан ар түрдүү топтор менен (жамааттар, ата-энелер жана партнерлор ж.б.у.с.) өз ара аракеттенишүүгө жана астыга койгон маселелерди чечүү үчүн маалыматтык-коммуникативдик технологияларды жана ММКларды пайдаланууга даяр (КК-7).

***филологиялык билим берүү системасында илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк багытында:***
-изилдөөчүлүк маселелерди чечүү үчүн илимий методдорду, анын ичинен, маалыматтык жана инновациялык технологияларды пайдаланууга даяр (КК-8);
- илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын системалаштыруу жана кеңейтүү, анализ жүргүзүүгө, филологиялык билим берүүнүн заманбап системасын өнүктүрүү үчүн актуалдуу маселелерди белгилөөгө даяр (КК-9);
- изилдөөчүлүк маселелерди оригиналдуу чечүүдө жекече креативдүү жөндөмдүүлүктөрдү пайдаланууга даяр (КК-10);
- илимдин заманбап усулдарын пайдалануу менен илимий изилдөөлөрдү өз алдынча жүргүзүүгө даяр (КК-11);
- окуу-усулдук көрсөтмөлөрдө жана филологиялык билим берүүнүн материалдарында изилдөөлөрдүн анализинин жыйынтыктарын жана кесиптик ишмердүүлүктүн экспертизаларын топтоого жөндөмдүү (КК-12);
- кесиптик коомчулуктун кабыл алынган стандарттарына жана форматтарына ылайык илимий макалалар, баяндамалар жана мультимедиялык презентациялар түрүндө илимдин изилдөөчүлүк жетишкендиктерин илимий коомчулукка алып чыгууга жөндөмдүү (КК-13);

***башкаруучулук ишмердүүлүк багытында:***
- мекеменин билим берүү чөйрөсүнүн абалын билүү жана экспертиза жүргүзүүгө, мекеменин өнүгүшүнүн административдик ресурстарын аныктоого даяр (КК-14);
- билим берүү чөйрөсүндө башкаруу иш-аракеттеринин ишке ашырылышын изилдөөгө жана баалоого даяр (КК-15);
- билим берүү системасын башкаруунун өнүгүшүнүн жалпы жана мүнөздүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык менеджменттин инновациялык технологияларын пайдаланууга даяр (КК-16);
- билим берүү системасын башкарууда чечимдерди кабыл алууда, ата мекендик жана чет элдик тажрыйбаларга таянуу менен, жеке жана топтук технологияларды пайдаланууга даяр (КК-17);
- билим берүү мекемелеринин адистеринин кесиптер аралык өз ара аракеттенишүүсүн уюштуруу жана башкаруу маселелерин чечүүдө потенциалдуу өнөктөштөрдүн тобун аныктоо (КК-18);
- башкаруу системасынын бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга жана анын өнүгүү жолдорун долбоорлоо үчүн заманбап технологияларды колдонууга жана башкаруунун сапатын камсыздоого даяр (КК-19);

***долбоорлоочулук ишмердүүлүк багытында:***
- билим берүү иш-аракеттеринин сапатын камсыздоочу филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн билим берүү долбоорлорун жана жекече билим берүү маршруттарын ишке ашырууга даяр (КК-20);
- филологиялык чөйрөдө колдонмо же изилдөөчүлүк долбоорлорду өз алдынча изилдөөгө, пландаштырууга, ишке ашырууга жана көндүмдөштүрүүгө жөндөмдүү (КК-21);
- маалыматтык технологиялардын негизинде билим берүүнүн сапатын текшерүүнүн формаларын жана методдорун, текшерүүчү-өлчөөчү ар кайсы түрлөрүн долбоорлоого жөндөмдүү (КК-22);

- филологиялык билим берүүнүн жаңы окуу мазмунун, технологиясын жана конкреттүү методикасын долбоорлоого даяр (КК-23).

**5.2. Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрлерди даярдоонун НББП структурасына талаптар**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча НББП төмөнкү окуу циклдарын өздөштүрүүнү карайт:

М.1.- жалпы илимий агым;

М.2. – кесиптик агым;

М.3. – практикалар жана изилдөөчүлүк (чарбалык технологиялык) иш;

М.4. – жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация

Дисциплиналардын ар бир циклы ЖАМУ тарабынан белгиленген базалык (милдеттүү) жана вариативдик (профилдик) бөлүмдөргө ээ. Вариативдик (профилдик) бөлүм базалык дисциплиналардын мазмунунда белгиленген билим, билгичтик жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, ЖКББнын кийинки баскычында тиешелүү профиль боюнча магистр академиялык даражасын алуу үчүн билим алуусун улантууга, ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүккө жетишүү үчүн тереңдетилген билимге жана билгичтикке ээ болуусуна жол ачат. Вариативдик (профилдик) бөлүм эки бөлүмдөн турат: ЖОЖдук компонент жана студенттер тандап алган дисциплиналар. 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилин даярдоонун НББП структурасы тиркемеде келтирилген. **(1-тиркеме).**

**5.3. Магистрлерди даярдоонун НББПсын ишке ашыруунун шарттарына талаптар**

**5.3.1. Окуу процессинин кадрлар менен камсыздалышы**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрлерди даярдоодо аталган НББП боюнча билим берүү процессин камсыз кылуучу окутуучулардын жалпы санынын 80% дан кем эмес пайызын илимдин кандидаты же илимдин доктору окумуштуулук даражасы бар жана магистр окутуучулар болуусу керек.

Магистрдик программанын билим берүү бөлүгүн жана илимий мазмунунун жалпы жетекчилигин профессорлор же илимдин докторлору түзүшү керек; бир профессор же илимдин доктору экиден көп эмес магистрдик программаны жетектей алат; жогорку окуу жайдын окумуштуулар кеңешинин чечими менен магистрдик программаны доценттик наамы бар илимдин кандидаты жетектей алат.

Магистр-студентти үзгүлтүксүз жетектөөнү окумуштуулук даражасы жана окумуштуулук наамы бар же аталган тармактын башкаруучулук иштеринде тажрыйбасы бар илимий жетекчи жүргүзө алат; бир илимий жетекчи 5 тен көп эмес магистр-студентти жетектеши мүмкүн. (жогорку окуу жайдын окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат).

**5.3.2. Окуу процессинин окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы**

НББПны ишке ашыруу ар бир студенттин негизги билим берүү программасындагы дисциплиналардын (модулдардын) толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалыматтар базасына жана китепкана фондуна, бардык дисциплиналар боюнча студенттин өз алдынча ишти аткаруусу үчүн электрондук китепкана же маалымат булактарынын дареги көрсөтүлгөн интернет торчосуна кирүүсү камсыздалат.

Ар бир магистр окуу планындагы бардык дисциплина боюнча басылып чыккан эмгектердин, окуу-усулдук эмгектердин же электрондук басылмалар менен жетиштүү санда камсыздалат. Кафедрада адистик дисциплиналар блогу боюнча керектүү адабияттардын жана колдонмолордун бардык электрондук версиялары сакталат.

Китепканалык фонд бардык циклдын базалык бөлүгүндөгү дисциплиналар боюнча керектүү негизги окуу адабияттары менен толукталган. Адабияттардын катарында акыркы 10 жылда басмадан чыккан эмгектер жана колдонмолор көрсөтүлгөн. ЖАМУнун

китепканасында тиешелүү багыттын окуу планындагы бардык циклынын базалык бөлүмүндөгү дисциплиналарды өздөштүрүү үчүн зарыл болгон акыркы 5 жылда басылып чыккан адабияттар бар.

Кошумча адабияттардын фондунда окуу адабияттарынан башка ар бир 10 студентке бирден кем эмес экземплярда расмий сурап-билүүчү-библиографиялык жана мезгилдүү басылмалар бар.

Ар бир студентке 10 дон кем эмес аталыштагы ата мекендик жана 5 тен кем эмес чет өлкөлүк аталыштагы журналдардын тизмесинен турган китепканалык фонддун комплектилерин пайдалануусу камсыздалган. ЖАМУнун китепканасынын жалпы китеп фонду 13 038 дааналы түзөт. Алардын ичинен:

- гуманитардык, социалдык - 4 386 даана;
- табигый, математикалык - 2 037 даана;
- көркөм адабият, тил илими, педагогика - 6 534 даана;

-кыргыз тилинде 4 560 даана. Мындан тышкары, Жалал-Абад шаарындагы борбордук китепканасындагы адабияттар да кошумча пайдаланылат.

Студенттердин ата мекендик жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары, ишкана-мекемелер, уюмдар менен ыкчам маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү, заманбап кесиптик маалымат булактарынын, маалыматтык сурап билүүчү жана издөө системаларынын жеткиликтүүлүгү камсыздалган.

### 5.3.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык жактан камсыздалышы

Магистрлерди даярдоодо НББПны ишке ашыруучу катары ЖАМУ окуу планында каралган дисциплиналык, дисциплиналар аралык, лабораториялык даярдыктын бардык түрлөрүн, студенттердин практикалык жана илим изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыздоочу санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга ылайыкташкан материалдык-техникалык базага ээ.

Факультетте заманбап үлгүдөгү 30дан ашык компьютерлер бар: 3 компьютердик каана, интерактивдүү доскасы бар 3 аудитория, 6 принтер, 3 ксерокс (анын ичинен 3 даанасы 3в1) бар. Бардык компьютерлер интернет менен камсыздалган локалдык торчого туташтырылган. 4 чоң лекциялык зал жана 45 окуу каанасы бар. Кафедрага электрондук доскалар жана видеопроекторлор менен жабдылган төмөнкү окуу кааналары тиешелүү:

1. 3/216 окуу каанасы
2. 3/217 окуу каанасы
3. 3/202 окуу каанасы
4. 3/205 окуу каанасы
5. 3/214 окуу каанасы
6. 3/315 окуу каанасы
7. 3/317 окуу каанасы

Бардык окуу кааналары санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга ылайык келет, кабарлоого ылайыктуу системалар жана керектүү жабдуулар бар.

## 5.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо

ЖАМУ даярдоонун сапатын кепилдөөнүн төмөндөгү жолдорун камсыздайт:

- иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн катыштыруу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;
- билим берүү программасын мезгил-мезгили менен рецензиялоо боюнча мониторинг жүргүзүү;
- студенттердин билимин жана билгичтиктерин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясынын деңгээлин баалоонун объективдүү жолдорун иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын компетенттүүлүгүн жана сапатын камсыздоо;

- өз ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү текшерүүнү тынымсыз жүргүзүү жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу менен анын ишкердүүлүгүн башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу;
- өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукту кабардар кылуу.

НББПны өздөштүрүүнүн сапатын баалоо студенттин жетишүүсүн учурдагы текшерүүнү, аралыктагы аттестациялоону жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өз ичине камтыйт. ЖАМУ тарабынан ар бир дисциплина боюнча алган билимдерин учурдагы жана аралыктагы жетишүүнүн конкреттүү формалары жана чаралары иштелип чыгат жана студенттерге окутуунун биринчи айынын ичинде маалымат берилет.

Студенттерди аттестациялоодо НББПнын баскычтуу талаптарына (жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестация) ылайык алардын жеке жетишүүсүн баалоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди жана текшерүү методдорун жана калыптанган компетенциялардын деңгээлин камтыган баалоо каражаттарынын фонду түзүлгөн. Баалоо каражаттарынын фонду ЖАМУда иштелип чыгып, бекитилет.

ЖАМУда студенттин билимин учурдагы текшерүүнүн жана аралыктагы аттестациянын программасын алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн шарттарына максималдуу жакындатуу үчүн конкреттүү дисциплинанын окутуучусунан башка тышкы эксперт катары иш берүүчүлөрдү, окутуучуларды, аралаш дисциплиналарды окутуучуларды ж.б. активдүү тартууга шарт түзүлгөн.

Студенттерге окуу процессинин мазмунуна, уюштурулушуна жана жалпы сапатына жана айрым окутуучулардын ишине баа берүү мүмкүнчүлүгү берилет.

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрлерди даярдоодо аталган НББП жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга магистрдик диссертацияны коргоо жана окутулган дисциплиналар боюнча комплексттүү мамлекеттик сынакты тапшыруу кирет.

Жогорку окуу жайдын окумуштуулар кеңешинин чечими менен илимий-изилдөөчүлүк камтылган ар бир аннотацияланган магистрдик программа автордук магистрдик программа (магистрдик адистешүү) аркылуу ишке ашат.

## 6. НББПны ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү Жобосуна” жана билим берүүнүн бардык формасы жана деңгээли боюнча сабактардын негизги түрлөрүн уюштуруу боюнча ЖКББ МББСга ылайык мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлгөн окуу пландары жана программалары аркылуу аныкталат. Окутуунун мөөнөтү, окуу жылынын башталышы жана аякталышы, милдеттүү окуу сабактары боюнча студенттин жумалык жүктөмү жана экзамендик сынактардын, каникулдардын мөөнөтү жана узактыгы, практикалык окуунун түрлөрү жана жыйынтыктоо формалары мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлгөн окуу пландарында белгиленет.

### 6.1. Календардык окуу графиги

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрлерди даярдоодо НББПны ишке ашыруунун жыл боюнча ырааттуулугу (теориялык окууну, практикаларды, учурдагы жана аралыктагы аттестацияны, каникулдарды кошкондо) базалык жана жумушчу окуу пландарында белгиленет.

### 6.2. Окуу планы

Бул билим берүү программасы боюнча базалык окуу планы жана жумушчу окуу планы иштелип чыккан. Окуу планында компетенциялардын калыптандырылышын

камсыздоочу ЖКББ НББПнын циклдерин жана бөлүмдөрүн (дисциплиналар, модулдар, практикалар) өздөштүрүүнүн логикалык ырааттулугу сакталган. **(2-тиркеме).**

**6.3. Жумушчу окуу планы**

Жумушчу окуу планында ар бир окуу курсунун, предметтин, дисциплинанын, модулдун өлчөмү академиялык саат жана зачеттук бирдик менен көрсөтүлөт **(3-тиркеме).**

**6.4. НББП компетенциялар картасы**

**Дисциплинанын НББПдан алган орду:** Лингвистиканын теориясы жана тарыхы дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынын бекитилген (15-сентябрь 2015-жыл. № 1179/1) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде лингвистикалык дисциплина катары жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге окутулат. Ал болочок тилчи, адабиятчы адистердин магистратура бөлүмүндө лингвистикаынын теориясы жана тарыхынан алган билими башка лингвистикалык билимдерди алууга, илимий иштерди жазууга боюнча шарт түзөт. Дисциплинаны окутуу магистратура бөлүмүнүн I-семестрине пландаштырылган.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТЕОРИЯСЫ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** магистранттарга тил илиминин теориялык жана практикалык мааниси, кыргыз тилинин ички өнүгүшүнүн структуралык тил илиминин негизги принциптерине ылайыкталышы, азыркы кыргыз тилинин структуралык түзүлүшү жана тилдик системасы жөнүндөгү илимий-теориялык билимдерди берүү жана ага багытталган практикалык ык-амалдарды үйрөтүү

**Дисциплинанын мазмуну:** Тилдин теориясы илим катарында. Жалпы элдик кыргыз тилинин калыптануу тарыхы. Кыргыз адабий тилинин жалпы элдик негиздери. Кыргыз адабий тилинин калыптануу этаптары. Кыргыз адабий тилинин формалары жана стилдик жактан жиктелиши. Азыркы кыргыз адабий тилинин илимий негизде изилдениши. Структуралык тил илими жана кыргыз тили. Кыргыз тилинин тыбыштык системасы. Азыркы кыргыз тилинин орфоэпиясы. Азыркы кыргыз тилинин орфографиясы. Азыркы кыргыз тилининин лексикасы. Кыргыз тилиндеги сөз жасоо маселелери. Азыркы кыргыз тилинин морфологиясы. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси. Кыргыз тилинин стилистикасы

**Дисциплинанын милдеттери:**

- магистранттарга тилди илимий жактан түшүнүү, тил илиминин теориялык жана практикалык мааниси, кыргыз тилинин ички өнүгүшүнүн структуралык тил илиминин негизги принциптерине ылайыкталышы, азыркы кыргыз тилинин структуралык түзүлүшү жана тилдик системасы жөнүндөгү илимий-теориялык билимдерди берүү жана ага багытталган практикалык ык-амалдарды үйрөтүү;
- кыргыз тилинин өнүгүү этаптары боюнча тилчи-окумуштуулардын классификациялары, адабий тилдин жалпы элдик негиздери, кыргыз адабий тилинин калыптануу этаптары, кыргыз тилинин илим катары изилдениши жөнүндө маалымат берет;
- кыргыз тилиндеги фонетикалык кубулуштар, фонологиялык концепциялар, кыргыз тилинин орфоэпиялык эрежелердин иштелип чыгышына негиз болгон факторлор, кыргыз орфографиясынын өнүгүшүнө салым кошкон окумуштуулар, азыркы кыргыз тилинин орфографиялык нормаларынын иштелип чыгышына негиз болгон факторлор жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ кылат жана бул багытта практикалык ык-амалдарды үйрөтөт;
- лексиканын системалык мүнөзү, лексикологиянын айрым тармактары жөнүндөгү терең билимдерге ээ кылат жана бул багытта практикалык ык-амалдарды үйрөтөт;
- сөз жасоо маселесинин изилдениши, сөз жасоонун мүнөздүү белгилери, сөз жасоочу мүчөлөрдөгү грамматикалык кубулуштар, морфема маселелери, морфемалардын позициясы, сөз түркүмдөрү жөнүндөгү окуунун башталышы, айрым сөз түркүмдөрүнүн лексика-семантикалык, морфологиялык жана синтаксистик мүнөздөмөсү жөнүндө түшүнүк берет жана бул багытта практикалык ык-амалдарды үйрөтөт;
- кыргыз тилинин синтаксисинин өнүгүшүндөгү негизги процесстер, сөздөрдүн айкалышындагы мамилелердин типтери, сүйлөмдөрдү синтаксистик табияты жагынан ажыратуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтарды үйрөтөт; жана бул багытта практикалык ык-амалдарды үйрөтөт;
- коммуникативдик стилистиканын маселелери, стилдик фактордун текстти уюштуруу мүмкүнчүлүктөрү, стилистикалык каталарды классификациялоо, аларды оңдоонун жолдору жана бул багытта практикалык ык-амалдарды үйрөтөт.

**Дисциплинанын НББПдан алган орду:** Кыргыз тилинин теориясы дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынын бекитилген (15-сентябрь 2015-жыл. № 1179/1) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде лингвистикалык дисциплина катары жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге окутулат. Ал болочок тилчи, адабиятчы адистердин магистратура бөлүмүндө кыргыз тили боюнча алган теориялык билимдерин илимий негизде тереңдетүүгө шарт түзөт. Магистрлерди кыргыз тилинин теориялык маселелери боюнча тилдик фактылар менен тааныштырып, өз педагогикалык ишмердигинде пайдаланууга үйрөтөт. Дисциплинаны окутуу магистратура бөлүмүнүн I,II, III семестрлерине пландаштырылган.

## ФОЛЬКЛОРДУН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ТАРЫХЫ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын пайда болуу булактарын, тарыхын, жанрдык бөлүнүштөрүнүн теориялык-практикалык өзгөчөлүктөрүн талдап окуп үйрөнүүгө багыттайт.

**Дисциплинанын мазмуну:** кыргыз фольклорунун теориясынын жалпы илимдер менен болгон байланыштары. Элдик оозеки чыгармалардын мазмундук, формалык жактан жиктелиши, элдик оозеки чыгармалардын эпикалык, лирикалык жана көркөм өнөр теги катары кылымдап, улам өсүп-өнүгүп бүгүнкү доорго жетиши.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- Фольклористиканын илим катары өнүгүү этаптарын ачып берүү;
- Дүйнөлүк фольклор менен кыргыз фольклорунун окшоштуктарын, жалпылыктарын талдоо;
- Дүйнөлүк түрк тилдүү элдеринин элдик оозеки чыгармаларынын жанрдык байланыштарынын өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү;
- Эпикалык жанрлардагы сюжеттик-композиция маселелерин талдап берүү;
- Эпикалык жанрлардын образдар системасы
- Дастан, элдик поэмалардын жанрдык өзгөчөлүктөрүн окутуп үйрөтүү жолдору.

**Дисциплинанын (НББП) негизги билим берүү программасынын алган орду**

Фольклордун теориясы жана тарыхы дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген (2015-жылдын 15-сентябры, №1179/1) 550300 филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү, мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде лингивистикалык дисциплина катары жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистерге окутулат. Албетте, бул окутууда тилчи, адабитчы адистердин магистратура бөлүмүндө кыргыз фольклору жана тарыхы боюнча алган теориялык билимдерин илимий негизде өнүктүрүүгө жол ачат. Кыргыз жана дүйнөлүк фольклористика илиминин теориялык негиздерин окуган магистранттар алган билимдерин өздөрүнүн педагогикалык ишмердигинде ар тараптуу пайдалана алышат. Аталган дисциплина (фольклордун теориясы жана тарыхы) окуу жылынын I-II семестрлеринде окутулат.

## ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ЭПИКАЛЫК ПОЭЗИЯСЫ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** Дүйнө элдеринин эпикалык поэзиясынын пайда болушу, жаралышы жана өнүгүүсү, адамзат коомунда алардын аткарган функциялары жөнүндө филологиялык, философиялыкизилдөөлөр боюнча билим берүү.

**Дисциплинанын мазмуну:** Бул дисциплинада: байыркы грециялык батырлар, “Олимп кудайлары” жөнүндө баяндар, Гомерге таандык деп эсептелген “Илиада” “Одиссея” поэмалары, “Нибелунг Зихфрид” жөнүндөгү, “Роланд” жөнүндөгү, Манас, Гильгемаш, Сид, Илья Муромец жөнүндөгү баяндар “Махабхарата”, “Рамаяна” сыяктуу индия эпостору, финдердин “Калевала” эпосу жөнүндөгү баяндардын мазмундары эске салынып, алардын филологиялык, философиялык маселелери боюнча изилдөөлөр жөнүндө кабар берилет. Байыркы адамдардын дүйнө таанымы, жакшылык-жамандык боюнча түшүнүктөрү, эстетикалык сезим-туйгулары, этикалык принциптери жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларынын типологиялык жалпылыктары жана айырмачылыктарынын себептери талданат.

**Дисциплинанын милдеттери:**

Магистранттар аталган дисциплинанын алкагында дүйнө элдеринин эпикалык поэзиясынын үлгүлөрүн өздөштүрүү үчүн бул милдеттери аткарып, төмөнкү жагдайлар боюнча илимий-теориялык түшүнүктөргө ээ болушат.

- дүйнө элдеринин эпикалык поэзиясынын мазмундук хронологиясы;
- типологиялык жалпылыктары;
- улуттук бөтөнчүлүктөрү;
- алардан байкалган коомдук аң-сезим эволюциясынын издери;
- маанилүү эпостордун сюжеттик системасы, образдар системасы жана композициялык компоненттери;
- эпостордун эстетикалык системасы;

- этикалык принциптердин чагылдырылышы
  **Дисциплинанын орду:** Бул окуу дисциплинасы “М2. КТВ.01. Профессионалдык циклге кирет”.

## ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН УЧУРДАГЫ МАСЕЛЕЛЕРИ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты**: Магистрантка илим маселелерин иргөөнүн жолдорун, шарттарын үйрөтүү; Бул максатка жетүү үчүн:
- илим жана анын азыркы коомдогу ролу;
- азыркы мезгилдеги илимдин өнүгүшүнүн негизги тенденциялары;
- илимий мектеп окумуштууларды даярдоонун формасы катары;
- илимдин өнүгүү мыйзамдары;
- кыргыз коомундагы учурдагы илим маселелери

**Дисциплинанын милдеттери:**
- илим жана анын азыркы коомдогу ролун анализдөө;
- азыркы мезгилдеги илимдин өнүгүшүнүн негизги тенденцияларынан кабардар болуу;
- илимий мектеп окумуштууларды даярдоонун формасы катары кызмат кылаарын аңдоо, анализдөө;
- илимдин өнүгүү мыйзамдарын талдоо;
- кыргыз коомундагы учурдагы илим маселелерин коомчулукка сунуштоо ж.б.

**Дисциплинанын орду:** М.1.2. Дисциплина жалпы илимий циклдин базалык бөлүгүнөн орун алган.

Бул дисциплина 550300 “Филологиялык билим берүү” багытынын (кыргыз тили жана адабияты) профилинин “М1.Б.01 Жалпы илимдик циклинин курамынын базалык бөлүгүнө кирет. Дисциплина 1-семестрде өздөштүрүлөт. Дисциплина М.1.Б.01.жалпы илимий циклдин базалык бөлүгү болуп саналат.

“Илимдин жана билим берүүнүн учурдагы маселелери” дисциплинасын “Илим изилдөөнүн усулнаамасы жана усулдары” сабагынын алдында (М.1.Б.01.) окутуу максатка ылайыктуу.

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:**
- Студенттердин философиялык билимдин негиздерине жана жалпы адамдык маданиятка жетишүү мамилесиндеги философиялык рефлекциянын усулдарына ошондой эле социалдык түзүмгө, процесстерге, институттарга философиялык анализ жасоону үйрөнүүсүнө жетишүү;
- Илимий-изилдөө, педагогикалык, өндүрүштүк-прикладдык жана уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүндөгү конкретүү проблемаларды чечүүдө диалектиканын жалпылыгын, өзгөчөлүгүн, жекелигин түшүнүү ыгынын жана жалпы ой-жүгүртүүсүнүн калыптануусуна жетишүү;
- Азыркы цивилизациянын, социалдык гуманитардык билим жөнундөгү системалуу көз караштын жана аны окутуунун, ошондой эле жалпы гуманистик дүйнөгө болгон көз карашынын калыптануусуна жетишүү;

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн милдеттери**:
- Дүйнө жана андагы адамдын орду жөнүндөгү өз алдынча жана көз карашынын калыптануусуна жардам берүү;
- Азыркы социалдык-маданияттаагы реалийдин татаалдыгын түшүнүүгө тарбиялоо жана аларга толеранттуу баа берүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;
- Студенттин дүйнөгө болгон мамилесиндеги рефлексивдүү позициясын жана келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн кээ бир фундаменталдык аспектилерин стимулдаштыруу;

- Азыркы философиянын абалын, калыптануу картинасын, анын коомдогу гуманистик жана социомаданий функциясын ачууга, анализдөөгө калыптандыруу;
- Студенттердин философиялык билим системасын калыптандыруу;
- Азыркы коомдун маалымат мейкиндиги дүйнөгө болгон көз караштын принципиалдуу маселелерине маани берүүсүн жана өз алдынча анализдөө анализдөө жөндөмдүүлүгүн өстүрүү;
- Дүйнөгө болгон көз караштык проблемаларды философиялык-методологиялык анализдөөдө студенттердин практикалык жөндөмдөрүн калыптандыруу;
- Студенттердин дүйнө жөнүндөгү жекече көз карашынын калыптануусуна жана дүйнөдөгү өз ордун аңдай билүүсүнө жардам берүү;
- Азыркы Кыргызстандагы диндик конфессияларга жана ар улуттун өкүлдөрүнө толеранттуу мамиле жасоо көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Дисциплинанын НББПнын түзүмүндөгү орду:** Дисциплина окуу циклинин базалык бөлүгүнүн В.1.5. гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикли болуп саналат. Жалпы билим берүү программасынын төмөндөгү предметтери “Тарых”, “Экономика”, “Адабият”, “Физика” ж.б. билим алуучулардын билимин, көндүмдөрүн, ишмердүүлүк жөндөмдөрүн өркүндөткөндүктөн “Философия” дисциплинасын өздөштүргөнгө негиз болуп берет. Мындан сырткары базалык жана тандоо курстары болуп саналган “Маданият таануу”, “Социология”, “Саясат таануу” дисциплиналары жана студенттердин философияны терең өздөштүрүшүнө чоң түрткү болот. Студенттердин “Философия” дисциплинасын ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн, кесиптик багытка ылайык проблемалар талкууланат.

## ЖОГОРКУ МЕКТЕПТЕ ОКУТУУНУН МЕТОДУ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** Көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү мейкиндигинде иштөөгө жөндөмдүү, кыргыз тилинин жана адабиятын методикалык, педагогикалык жактан мыкты өздөштүргөн компетенттүү кадрларды калыптандыруу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Жогорку мектепте окутуунун методу жана методологиясы дисциплинасынын негизги өзгөчөлүктөрү. Жогорку окуу жайларында окуу процессин методикалык камсыздоо. Педагогикалык (билим берүү) процессин жогорку окуу жайларында долбоорлоо. Университетте проблемалуу окутуунун методикасы. Университеттин окуу процессиндеги көйгөйлөрдү чечүү. ЖОЖдордо программаланган окутуунун методдору жана негизги каражаттары. ЖОЖдордо сабактын имитациондук-оюндук жана маалыматтык-дискуссиялык формалары. Изилдөөлөрдүн практикага багытталышы жана контролдоо-баалоо формалары.

**Дисциплинанын милдеттери:**
- методология илиминин концептуалдык жана категориялык аппаратын, заманбап техниканын маңызын, тилди жана адабиятты окутуунун ыкмалары менен каражаттарын кылдат карап чыгуу;
- коомдук өнүгүүнүн азыркы этабында тил билиминин ролун көрсөтүү;
- Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына жооп берген магистранттардын даярдык деңгээлин камсыз кылуучу заманбап технологияларды, техникаларды жана окуу куралдарын колдонуу менен жалпы маданиятты калыптандырууга, аң -сезимдүү тандоого жана кесиптик билим берүү программаларын өнүктүрүүгө салым кошуу;
- илимдердин методологиясына байланыштуу психологиялык-педагогикалык жана филологиялык циклдин интеграциясын көрсөтүү жана мунун негизинде мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн мазмуну жана структурасынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк берүү;

- конкреттүү мектепти жана конкреттүү шарттарды эске алуу менен студенттердин алган билимин практика жүзүндө чыгармачылык менен колдонуу жөндөмүн калыптандыруу;
- ар кандай окуу китеби же окуу куралы менен иштөөгө жана ар кандай педагогикалык кырдаалдарда методикалык маселелерди чечүү менен ийгиликтүү күрөшүүгө жардам берген чыгармачыл методикалык ой жүгүртүүнү калыптандырууга салым кошуу;
- дисциплина методологиянын теориялык курсу менен практиканын тыгыз байланышын камсыз кылат.

**Дисциплинанын НББПдан алган орду:** Жогорку мектепте окутуунун методу жана методологиясы дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынын бекитилген (15-сентябрь 2015-жыл. № 1179/1) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге окутулат. Дисциплинаны окутуу магистратура бөлүмүнүн 1-семестрине пландаштырылган.

## СЕМАНТИКА ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** Семантика курсу кыргыз тили жана адабияты адистигинин магистранттары үчүн негизги адистик предметтердин катарында кирүү менен тил илими боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүүдө жана калыптоодо маанилүү роль ойнойт. Семантиканын алкагынан орун алган сөз маанилерин, алардын бөлүнүш типтерин, сөздүк курамдагы ар бир сөздүн грамматикалык жана лексика-семантикалык маанисин, сөздөрдүн маанилерин өз ара бөлүштүрүүдөгү өзөктүү категорияларын тереңдеп окутуу курстун негизги максатын түзөт.

**Дисциплинанын мазмуну:** Семантика жана анын объектиси, сөз жана түшүнүк, сөз маанилери, сөздүн лексико-семантикалык мааниси, сөздүн грамматикалык мааниси, сөздүн контексттик жана эмоционалдык маанилери, сөздүн түз жана өтмө маанилери, сөздүн конкреттүү жана абстракттуу мааниси, сөз маанилеринин кеңейиши, сөздөрдүн номинативдик, коннотативдик мааниси, кыргыз тилиндеги эң байыркы лексика-семантикалык көрүнүштөр, сөздөрдүн маанилик катышы ж.б.

**Дисциплинанын милдети:** Азыркы кыргыз тили жана адабияты адистигинин студенттери үчүн негизги адистик предметтердин катарында кирүү менен тил илими боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү жана калыптоо; курстун мазмуну боюнча теориялык маселелерди терең өздөштүрүүсүнө жетишүү; студенттерди ар бир проблемага илимий мүнөздө талдоо берип, өз алдынча мамиле жасай турган деңгээлге жеткирүү; кыргыз тилинин семасиологиясына тиешелүү болгон теориялык маселелер менен тааныштыруу; магистранттардын оозеки жана жазма кебин калыптандыруу; орфографиялык сабаттуулугун арттыруу.

**Дисциплинанын орду:** Семантика предмети Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген (15.09.2015-ж. №1179/1) 550300 филологиялык билим берүү багытынын мамлекеттик билим берүү стандартында В1.2 вариативдик бөлүгүндө турат. Ал магистратура бөлүмүнүн 1-курсунун 2-семестринде окутулат.

## КЫРГЫЗ АДАБИЙ СЫНЫНДАГЫ ЧЕБЕРЧИЛИК МАСЕЛЕЛЕРИ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** Кыргыз адабий сынынын чеберчилик маселелери - азыркы адабият таануу илиминин негизги маселелери, көркөм адабияттын тарыхы, адабият теориясы сыяктуу адабият таануу циклиндеги окуу предмети катары студенттердин адабий билим деңгээлин камсыз кылуу менен көркөм чыгарманы искусствонун туундусу катары талдоого жана кабыл алууга, аны сын көз менен кароого жана терең өздөштүрүүгө үйрөтөт. Адис катары кесибине зарыл билимге, ык-машыгууга ээ болуудагы активдүүлүгү менен өз алдынчалыгына, чыгармачылык иш-аракеттерине багыт берет. Кыргыз адабий сынынын чеберчилик маселелери тарыхы предмети студенттерге: адабий сындын баштапкы элемент катары жашоо жана өнүгүү тарыхын, профессионалдык сындын башаты, эволюциясы жөнүндө билим берүүнү, анын жалпы адабият таануу илимине тиешелүү ар түрдүү

проблемалары, тенденциялары, жалпы дүйнөлүк адабият таануу илиминин масштабында жана кыргыз адабият таануу илиминин алкагында түшүндүрүүнү; кыргыз адабий сынындагы конкреттүү сынчы-адабиятчылардын эмгектеринин өзгөчөлүктөрүн, жаңычыл жактарын, стилистикалык бөтөнчөлүктөрүн мисалдар менен аныктап берүүнү; сындын көркөм адабиятты жандуу процесс катары өзүнүн жашоо жана өнүгүү мыйзамдарын ачып берүүчү спецификасын түшүндүрүүнү максат кылат.

**Дисциплинанын мазмуну:** кыргыз адабий сынынын чеберчилик маселелеринде кыргыз адабий сынынын башаты, тарыхы жана анын негиздөөчүлөрүнө жалпы обзор берилип, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз адабий сынында өзгөчөлөнгөн эмгеги менен таанылган адабиятчы, сынчылардын адабий адабий портреттери, маселелери жана проблемалары менен аныкталат. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы, ырчылар чыгармачылыгындагы сынчыл көз караштар, дүйнөлүк адабий сындын башаты, тарыхы, өнүгүү эволюциясы, орус жана боордош элдер адабиятындагы адабий сындын таасири. Кыргыз профессионал адабий сынынын кыргыз профессионал жазма адабият менен удаалаш өсүп-өнүгүүсү, XX кылымдагы кыргыз адабият таануу илиминин тарыхы менен тыгыз байланышы, проблемалары, жаңычылдыктары. Эгемендүү кыргыз коомундагы кыргыз адабий сынынын чеберчилик маселелери, ийгилик, кемчиликтери. Аталган курс фольклористика, көркөм адабияттын тарыхы, адабият таануу илими, тарых, философия, лингвистика, этнопедагогика, психология, эстетика, этика ж.б. предметтер менен тыгыз байланышта үйрөнүлөт.

**Дисциплинаны окутуунун милдеттери:**

-адабий сын деген эмне, анын адабият таануу илиминен айырмачылыктары жана окшоштуктары;

- кыргыз адабий сынынын илимий методологиясы боюнча түшүнүк берүү;
- кыргыз адабий сынынын социалдык статусун түшүндүрүү;
- адабий сындын категориялары боюнча илимий-теориялык маалыматтарды берүү;
- адабий сын менен адабият таануу илиминин башка түрлөрүнүн ортосундагы жанрдык дефинициялык айырмачылыктарды таанытуу;
- адабий сындын учурдагы аткарчу маселерин аныктоо;
- адабий сынындагы чеберчилик маселелеринин проблемаларын, жаңычылдыктарын жана перспективасын көрсөтүп окутуу;
- адабий сындын дүйнөлүк тенденциялары менен салыштыруу жана тааныштыруу;
- кыргыз адабий сынынын тарыхын доорлор боюнча жалпы обзор берип окутуу аркылуу-анын жетилүү жолундагы проблемалардын коюлушу жана чечмеленишин окутуу;
- кыргыз адабий сынындагы сынчылардын адабий портреттерин, чыгармачылыгын, жаңычылдыктарын аныктоо;

**Дисциплинанын негизги билим берүү программасынан алган орду:**

Кыргыз адабий сынынын чеберчилик маселелери дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген (2015-жылдын 8-сентябры, №04-1/1-10025) жогорку окуу жайларынын: 550300 филологиялык билим берүү (профили: кыргыз тили жана адабияты) багыты боюнча магистр даражасы үчүн кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде филологиялык дисциплина катары жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге М.2. В.06. коду менен вариативдик бөлүмдө күндүзгү окуу бөлүмүндө II семестрине 4 кредит өлчөмүндө окутулат.

## ТИЛДИН СОЦИОЛОГИЯСЫ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** тил коомдук түзүлүштүн негизи, коомдук жана лингвистикалык көп факторлуу экендигин, адамдын коомдогу өз ара байланыштарын, адамдардын көз карандылыгын ачуучу, лингвистикалык жүрүм -турумунун структураларын жана моделдерин үйрөтүү.

**Дисциплинанын мазмуну:** Дисциплина Филологиялык билим берүү багытындагы магистр даражасын даярдоо үчүн окуу планына киргизилген. Сабак башка сабактар менен айкалышта түзүлүп, кадрларды күчтүү фундаменталдык базасын, дүйнө таанымын, коомго болгон кз карашын жогорулатуу, социалдык ой жүгүртүүсүн жана коомдук кубулуштарды

практикалык жактан  өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт. Сабактын программасы коом менен байланыштуу базалык билими бар, илим изилдөө багытында иш жүргүзүүчү  адистер үчүн даярдалды.  Дисциплина  логикалык жана мурда окутулган коммуникация социологиясы, коомдук пикирдин социологиясы, этносоциология, социологиялык ааламдашуу, саясат таануу, эл аралык мамилелер социологиясы, илим социологиясы, билим берүү социологиясы, башкаруу социологиясы жана башка бир катар социологиялык дисциплиналар менен олуттуу жана методикалык жактан байланышкан,  аларды теориялык, методикалык жана практикалык система менен толуктоо жана байытуу, коомдук жүрүм - турумдун лингвистикалык параметрлери жөнүндөгү илим.


**Дисциплинанын милдеттери:** Дисциплинанын милдеттери анын предметинин көп параметрдүү мүнөзүнө байланыштуу.

- социологиянын өзгөчө бир тармагы катары тил социологиясынын калыптанышын негиздөө;
- өз ара көз карандылыктын теориялык жана методологиялык негиздемесин берүү, социалдык жана лингвистикалык структуралар, байланыштарды ырааттуу кароо: тил-адам, тил-инсан, тил-социалдык топтор, тил-этнос, улут, тил-мамлекет;
- дисциплинаны диахрондук жана синхрондук, макропроцесстер жана микропроцесс позициясында кароо;
- адамдардын коомдук мамилелеринде тилдин социалдык функцияларын көрсөтүү, адамга жана коомго тилдик таасир этүү механизмдерин талдоо коомду башкаруу үчүн социалдык байланыштын маанисин көрсөтүү;
- коомдук кубулуштарды изилдөө үчүн диагностикалык курал катары тилдин ролун ачуу, инсандыгын сактоо үчүн ресурс экендигин далилдөө;
- магистранттарды  тилдин иштешинин прикладдык аспектилери менен тааныштыруу;
- ийгиликке жетүү үчүн адамдын коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүү;

**Дисциплинанын НББПдан алган орду:** Тилдин социологиясы дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынын бекитилген (15-сентябрь 2015-жыл. № 1179/1) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге окутулат. Дисциплинаны окутуу магистратура бөлүмүнүн 3- семестрине пландаштырылган.

## АДАБИЯТ ЖАНА ДҮЙНӨ ТААНУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты**:



Ушул дүйнө таанымдын структурасы көркөм адабиятта кандай трактовкаланары жөнүндө билим берүү.

**Дисциплинанын мазмуну:** Дал ушул структура көркөм адабиятта кайсы бир конкреттүү чөйрөдө, конкреттүү мамлекеттик системада жашап жаткан адамдардын образдарын ар тараптуу ачып берүү аркылуу түзүлөт. Ошондуктан, көркөм методдор коомдук аң-сезимдин өсүп-өнүгүшү менен тыгыз байланышта өнүгөт. Ошондуктан, бул дисциплинанын негизги предмети катары көркөм методдордун эволюциясы жөнүндө сөз болот. Филологиялык багытта окугандар бакалавриатта "Адабият таанууга киришүү", "Адабияттын теориясы", Кыргыз адабиятынын, Чыгыш элдеринин адабияттарынын тарыхынан жана кыргыз адабий сынынын тарыхынан негизинен көркөм методдордун түрдүү этаптары менен тааныш болушса, Батыш элдеринин адабиятынан Орто кылым, классицизм жана анын эки баскычы, реализм менен кеңири тааныш болушкандыгын эске алуу менен Адабият жана дүйнө тааным дисциплинасында, негизинен XX кылымдан берки көркөм адабият иштеп чыккан методдор жана алардын авторлорунун чыгармачылыктары боюнча окутулат. Достоевский, Гогол, Чеховдордун "кичинекей адамдарынын" образдары, Л.Толстойдун жана А.Чеховдун көркөм каармандары адам коомунун формацияларынын кантип алмашылып жаткандыгын кантип чебер көрсөткөндүктөрү, эксистенциализмдин башында турган жазуучулар жана алардын аяндуу чыгармалары, Сартрдын "сартризми", метафизика, магиялык реализмдин дүйнөлүк адабиятта жана кыргыз адабиятындагы кубулуштары, көркөм адабиятта "Жоголгон муун", А.Камюнун "Бунтуюүий человек", "Сизифтин ташы", "Тургеневдин аялдары", "Айтматовдун балдары" "Айтматовдун "Коммунист жөнүндөгү концепциясы", К.Акматовдун кайып дүйнөсү, К.Жусубалиевдин сюжетсиз чыгармалары сыяктуу көркөм кубулуштарды пайда кылган коомдук, социалдык механизмдердин көркөм трактовкалоо методологиясы дүйнөлүк, боордош түрк элдеринин жана улуттук адабияттын мисалдарында окутулат.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- Көркөм адабияттын окурмандардын дүйнө таанымын чагылдыруу жана анын адамдарга таасир этүүчү механизмин конкреттүү улуттук адабияттардын жана конкреттүү акын-жазуучулардын конкреттүү чыгармаларынын мисалында үйрөтүү;
- Көркөм адабияттын окурмандардын дүйнө таанымын өзгөртүүчү, өстүрүүчү функцияларынын кандай жол менен иштөөсүн түшүндүрүү;
- Көркөм методдордун хронологиясы боюнча билим берүү;
- Дүйнөлүк аты-жөнү бар жазуучулар менен кыргыз жазуучулары жараткан көркөм системалары боюнча маалыматтарды берүү;
- Дүйнөлүк жана кыргыз адабиятындагы дүйнө таанымдын этаптан-этапка өтүүлөрүнүн көркөм трактовкалоосун өздөштүрүү методдорун үйрөтүү.

**Дисциплинанын орду:** М.2. КПВ.02 Профессионалдык циклге кирет. 2-семестрде окутулат.

## АЗЫРКЫ АДАБИЯТ ТААНУУНУН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕРИ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** магистранттарга азыркы адабият таануу илиминин негизги маселелерин кыргыз адабиятынын тарыхынын, кыргыз адабий сынынын теориялык жана практикалык маселелеринин мисалында, адабият таанууга киришүү, адабият теориясы дисциплиналары боюнча алган билимдерин андан-ары өркүндөтүү жана тереңдетүү аркылуу профессионалдык билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу. Магистранттардын заманбап чыгармачыл жана сынчыл көркөм ойлоосун өнүктүрүү, илимий ишмердүүлүккө багыттоо жана илимий-теориялык, практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу менен билим берүүдө компетенттүү мамилени колдоно алууга машыктыруу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Азыркы адабият таануу илиминин негизги маселелеринин илим катарында калыптанышы, анын предмети, максат милдеттери, тарыхы, өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий процесс жана адабий багыттар. Көркөм адабияттагы мазмун жана форма. Чыгарманын темасы жана идеясы. Көркөм мүнөз жана эстетикалык идеал. Көркөм

чыгарманын сюжети жана композициясы. Адабий тектер, түрлөр жана жанрлар. Азыркы адабият таануу илиминин эстетика, философия менен карым-катышы. Метод жана методология. Стиль жана адабий процесс. Адабий багыттар тууралуу маалымат. Көркөм адабияттын жалпы жана ички касиеттери. Мазмун жана форма. Адабий чыгарманын ички касиеттеринин адабият таануу илиминин негизги объектиси катарында. Көркөм чыгарманын тили. Дүйнөлүк жана кыргыз адабият адабият таануу илиминин проблемалары, окшоштуктары жана айырмачылыктары.

**Дисциплинанын милдеттери:**

**-**азыркы адабият таануу илиминин негизги маселелерин илим катарында таанып билүү жана түшүнүү;

- магистранттарга адабият таануу илиминин өзгөчөлүгү, көркөм адабияттын маанисин, анын өнүгүү этаптарын, коомдук милдетин жана тарыхый-адабий процесстин мыйзам ченемдерин изилдөөчү илим экендигин түшүндүрүү аркылуу илимий-теориялык билимдердин негизин берүү;
- азыркы адабият таануу илиминин негизги маселелеринин өнүгүү этаптары боюнча орус, чыгыш жана кыргыз адабиятчы, сынчы- окумуштуулардын эмгектери, түрдүү эстетикалык, философиялык көз караштары, калыптануу, өнүгүү доорлору жана илим катары изилдениши жөнүндө маалымат берет;
- көркөм адабияттын жалпы жана ички касиеттеринин өнүгүү мыйзам ченемдерин түшүнүү, алардын табиятына, өзгөчөлүгүнө карата көркөм текстке адабий, тилдик талдоо жүргүзүүгө машыктырат;
- адабият таануу илиминин үч бөлүмүн - адабият теориясы, адабият тарыхы жана адабий сын болуп бөлүнөрүн, ар биринин өзүнүн табияты, объектиси бар экендигин жана аларды өз алдынча ажыратуу менен аларды талдоочу практикалык ык-амалдарды үйрөтөт;
- азыркы адабият таануу илими эстетика, философия, тил илими, тарых, социология, психология жана этнопедагогика менен ажырагыс тыгыз байланышта окутулушун үйрөтөт;

**Дисциплинанын НББПдан алган орду:** Азыркы адабият таануу илиминин негизги маселелери Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынын бекитилген (15-сентябрь 2015-жыл. № 1179/1) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде филологиялык дисциплина катары жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге окутулат. Ал болочок тилчи, адабиятчы адистердин магистратура бөлүмүндө кыргыз адабияты боюнча алган теориялык билимдерин илимий негизде тереңдетүүгө шарт түзөт. Магистрлерди филология илиминин теориялык маселелери боюнча азыркы адабият илиминин негизги маселелери менен тааныштырып, педагогикалык, илимий ишмердүүлүгүндө пайдаланууга үйрөтөт. Дисциплинаны окутуу магистратура бөлүмүнүн III семестрине пландаштырылган.

## МЕНЕДЖМЕНТ, МАРКЕТИНГ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЭКОНОМИКАСЫ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** Заманбап фундаменталдык билимдин келечектеги магистранттарын калыптандыруу жана уюмдарды башкаруунун теориясы жана практикасы боюнча компетенцияларды өнүктүрүү; билим берүү уюму койгон максаттарга оптималдуу жетүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк берген билим берүүнүн маркетинги жана экономикасы.

**Дисциплинанын мазмуну:** Информатика предметинин негизги изилдоо объектиси болгон информатиканын негизги тушунуктору жана терминдери, информациянын турлору жана чен бирдиктери, ЭЭМ дин техникалык жана программалык каражаттары, прикладдык программалардын пакеттери менен тааныштыруу.

**Дисциплинанын милдеттери:** Курстун предмети жана максаттары. Жалпы менеджмент теориясы жана билим берүүнү башкаруу проблемаларынын өнүгүшү. КРгы менеджменттин өзгөчөлүктөрү жана башкаруу ыкмалары. Билим берүү уюмунда персоналды башкаруу. Билим берүү уюмунун стратегиялык башкаруусу. Билим берүү кызматтарынын

маркетингинин маңызы жана анын элементтери. Маркетингдик изилдөө. Маркетингдик коммуникациясы.Керектөөчүлөрдүн жүрүм -туруму. Маркетингти башкаруу. Экономиканын негиздери. Рыноктук баасы. Билим берүү мекемелеринде эмгекти уюштуруу жана эмгекке акы төлөө.Билим берүү мекемелерине салык салуу. Билим берүү мекемелерин каржылоо. Билим берүү мекемелериндеги бухгалтердикэ сеп. Тайм -менеджмент (Тайм -менеджмент). Карьера башкаруу.
**Дисциплинанын орду:** 550300 Филологиялык билим беру багыты боюнча бакалаврларды даярдоодогу НББПнын профессионалдык дисциплиналар циклына Б.2.5 коду менен жайгашкан.

## КОГНИТИВДИК ЛИНГВИСТИКАНЫН НЕГИЗДЕРИ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** когнитивдик билимдин парадигмасы жөнүндө түшүнүк берүү жана тилди/сүйлөөнү таануунун когнитивдүү методдору жана концептуализация процесстерин, чындыкты классификациялоо мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү.
**Дисциплинанын мазмуну:** Когнитивдик лингвистиканын азыркы тил илиминдеги орду. когнитивдик парадигманын кайра жаралышы.Когнитивдик изилдөөнүн багыттары.Азыркы когнитивдик лингвистиканын актуалдуу проблемалары. Негизги когнитивдик лингвистиканын түшүнүктөрү. Түшүнүк аң -сезимдин бирдиги катары. Аң -сезимдин түрлөрү.Билимдин типологиясы жана форматтары. Металлингвистикалык аң -сезим проблемасы. Түшүнүктөрдүн типологиясы. Түшүнүк жана дискурс.Лингвистикалык фактыларды интерпретациялоо, таанып билүү процесси. Когнитивдүү изилдөө ыкмалары. Сөздүн ички формасына когнитивдик анализ жүргүзүү.Билимдин дискурсивдүү структуралары. Концепцияны моделдөө жана тексттин / дискурстун таанып -билүү мейкиндигин моделдөө. Коммуникация процессинин когнитивдик-прагматикалык анализи.
**Дисциплинанын милдеттери:**
- тил менен ой жүгүртүүнүн өз ара айкалыштыруу көйгөйү жөнүндөгү билимди кеңейтүү;
- тилдин, аң -сезимдин, маданият менен реалдуулуктун байланышын көрсөтүү;
- тилдин когнитивдик функциясы жаатындагы жаңы билимдер менен камсыздоо;
- билимдин ар кандай структураларынын типологиясын берүү;
- билимди психикалык түрдө тил аркылуу берүү жолдорун көрсөтүү;
- окуу процессинде таанып билүү ыкмаларын кесиптик ишмердүүлүктө колдонуу жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- тексттер жана баяндамалардын маанилерин актуалдаштыруунун когнитивдик механизмдери жөнүндө түшүнүк берүү.

**Дисциплинанын НББПдан алган орду:** Когнитивдик лингивистиканын негиздеридисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынын бекитилген (15-сентябрь 2015-жыл. № 1179/1) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге окутулат. Дисциплинаны окутуу магистратура бөлүмүнүн 3-семестрине пландаштырылган.

## ЛИНГВИСТИКАЛЫК ТИПОЛОГИЯ ЖАНА ТИЛДИК АРЕАЛДАР ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Дисциплинанын максаты:** магистранттарга лингвистикалык типология жана тилдик ареалдар дисциплинасынын жалпы жоболору жана лингвистикалык типологиянын жана ареалдык лингвистиканын проблемалары менен тааныштыруу жана аларга тил илиминин негизги багыттары: XVIII-XX кылымдын типологиялык теориялары жана негизги методдоруна (XVIII-XX кылымдын лингвистикасынын салттуу морфологиялык типологиясы: Ф.Н.Финканын классификациясы, Э.Сепиранын классификациясы; XX

кылымдын квантитативдик жана контенсивдик типологиясы (Дж.Гринберг,Г.А.Климов)) анализ жасоону үйрөтүү.

**Дисциплинанын милдети:** магистранттарга лингвистикалык типология жана анын негизги бирдиктери (лингвистикалык тип, тилдин түрдүү тил параметрлери, типологиялык мүмкүнчүлүктөрдүн мейкиндиги,типологиялык классификация ж.б.) жөнүндөгү илимий-теориялык билимдерди берүү; ареалдык лингвистиканын (тил байланыштары, кош тилдүүлүк, интерференция, тилдик биримдик, тил саясаты, пиджинизацияланган жана креол тилдери ж.б); негиздери,тилдердин типологиялык жана ареалдык классификациялары жана лингвистикалык бирдиктер жөнүндө түшүнүк берүү жана бул багытта практикалык иштерди жүргүзүү. Жогорудагылардын негизинде:

-типологиялык лингвистика жөнүндө магистранттын негизги билимин калыптандыруу;

-типологиялык лингвистиканын изилдөө методдорун иштеп чыгууга көмөктөшүү;

-типологиялык изилдөөдө теориялык билим көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн практикалык маселелерди чечүү үчүн колдонууну өркүндөтүү;

-типологиялык лингвистика жана ареалдык лингвистиканын

- өз алдынча издөө көндүмдөрүн өркүндөтүү жана изилдөөнүн объектиси менен байланышкан билимдерди талдоо.

**Дисциплинанын негизги билим берүү программасынын структурасынан алган орду:** «Лингвистикалык типология жана тилдик ареалдар» дисциплинасы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен (08.09.2015г., № 04-1/11-10025) 550300 филологиялык билим берүү багытынын магистр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде лингвистикалык дисциплина катары жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги магистрлерге окутулат. Ал болочок кыргыз тилчи, адабиятчы адистердин магистратура бөлүмүндө кыргыз тили боюнча алган теориялык билимдерин илимий негизде тереңдетүүгө шарт түзөт.

**6-тиркеме**

## МАГИСТР ОКУУ ФОРМАСЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН ПРАКТИКАСЫ

## БАШКАРУУЧУЛУК ПРАКТИКАНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Практиканын максаттары:**

Башкаруучулук практикасынын (БП) негизги максаты, окуу дисциплиналары боюнча мугалимдин жана класс жетекчинин функцияларын комплекстүү аткарууга, билим берүү мекемелеринде окуучулар менен тарбиялык иштерди жүргүзүүгө, окуу планынын психологиялык-педагогикалык жана методикалык бөлүмдөрүнүн предметтери боюнча билимдерин системалаштырууга даярдоо болуп саналат. Бул максат тил, адабият, педагогика, психология дисциплиналарын окутуунун методикасы менен комплекстүү айкалышын берип, предметтин теориясында, окуу-тарбия иштеринде теориядан практикага өтүүгө мүмкүндүгүн бергендиги менен маанилүү. Башкаруу практика процессинде теориялык билимдер бекемделет, мугалим, класс жетекчи катары келечектеги кесиптик ишмердүүлүк жаатында практикалык тажрыйба топтолот.

**Практиканын милдеттери:**

1**.** Класстын педагогикалык процессинин абалын изилдөө жана түшүнүү:

а) билим берүү процесси БПнын ажырагыс бөлүгү катары;

б) тарбия берүү процесси БПнын ажырагыс бөлүгү катары.

2. Педагогикалык процесстин негизги мүнөздөмөлөрүн изилдөө үчүн колдонулуучу психологиялык-диагностикалык ыкмалардын комплексин өздөштүрүү.

3. Предметтик мугалимдин жардамчысы, класс жетекчиси жана педагогикалык байланышты уюштуруу функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик педагогикалык компетенцияны (билим, жөндөм жана көндүм) калыптандыруу.

4. Кесиптик жана жеке өзүн-өзү өнүктүрүүнүн деталдуу программасынын планынын негизинде иштеп чыгуу.

**Башкаруучулук практикасынын НБППнын курамынан алган орду.**

Башкаруу практикасы жалпы билим берүү программасынын милдеттүү бөлүмү болуп саналат. Практика учурунда негизги тапшырмаларды аткаруу үчүн студенттер «Педагогика», «Тил илиминин жана адабият таануунун теориясы», «Азыркы жана классикалык адабият», «Тил тарыхы», «Тилдин морфологиясы, синтаксиси, фонетикасы», сыяктуу дисциплиналар боюнча билимге ээ болушу керек.

Кесиптик көндүмдөрдү жана кесиптик тажрыйбаны алуу үчүн башкаруу практикасы 2-блоктун негизги бөлүмүнө кирет

## ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН АННОТАЦИЯСЫ

**Практиканын максаттары:**

Илимий-педагогикалык практика магистранттардын окуу процессинин маанилүү компоненти жана ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Практиканын бул түрү магистранттарды университетте иштөөгө даярдоо жагынан жалпы кесиптик даярдоо функцияларын аткарат.

Магистранттардын илимий-педагогикалык практикасы окуу сабактарын өткөрүүдө практикалык көндүмдөрдү алууга багытталган.

**Практиканын милдеттери:**

- магистранттардын окуу процессинде алган билимдерин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн бышыктоо;
- сабактарды ар кандай формаларын даярдоонун жана өткөрүүнүн методикасын өздөштүрүү;
- окуу сабактарын талдоо методикасын өздөштүрүү;

- заманбап билим берүү маалымат технологиялары жөнүндө идеяларды өнүктүрүү;
- өз алдынча билим алуу жана өзүн-өзү өркүндөтүү көндүмдөрүн жайылтуу, магистрлердин илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- окутуунун жана тарбиялоонун жалпы максаттары менен аныкталган инсандык сапаттарды өнүктүрүү.

**Илимий-педагогикалык практикасынын орду:**

Илимий-педагогикалык практикасы (ИПП) окуу планынын базалык блогунан орун алып, магистранттардын теориялык билимдерин тастыктоочу негизги бөлүм болуп саналат.

ИПП университеттин илимий бөлүмдөрүндө, ошондой эле келишимдик негизде илимий-изилдөө иштерин жүргүзгөн башка уюмдарда, ишканаларда жана мекемелерде жүргүзүлөт.